ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин
№6 кезектеги жыйынынын протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

30.01.2023
Ош шаары, ЭМФ

Төрага – Р. К. Калматов
Катчы – Ташматова Н.М.
Катышкандар: 23,4-онлайн
Себептүү катышпагандар: 2
Себепсиз катышпагандар: 2
Чакырылгандар :жок

**КҮН ТАРТИБИ:**
**3. Ар түрдүү маселелер**

**Угулду:**

Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Ош мамлекеттик университетинин өнүгүү стратегиясынын алкагында университеттин миссиясынын жаңыланган долбоору иштелип чыккандыгы тууралуу маалымат берип, анын негизги багыттары катары билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү, санариптик трансформацияны колдоо жана коомдун туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуу белгиленгенин айтып өтүп, маселени талкууга койду.

**Сөзгө чыкты:**

Кеңеш мүчөлөрү сунушталган миссиянын мазмуну заманбап билим берүү талаптарына жооп берерин, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого, илим менен практиканын интеграциясын чыңдоого жана университеттин эл аралык академиялык мейкиндиктеги атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырууга багытталганын белгилешти. Ошондой эле миссияда улуттук баалуулуктарды сактоо менен глобалдык билим берүү стандарттарын айкалыштыруу маанилүү экендиги айтылды.
Жогорудагы талкуунун негизинде Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ош мамлекеттик университетинин жаңыланган миссиясынын долбоору колдоого алынсын.
2. Университеттин миссиясын ишке ашырууда билим берүү, илим, клиникалык практика жана эл аралык кызматташтык багыттарын интеграциялоо зарылдыгы белгиленсин.

**Төрага:** **Р.К. Калматов**
**Катчы:** **Ташматова Н.М.**